# МЕКТЕП КОМПОНЕНТИН БӨЛҮШТҮРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## 1.ЖАЛПЫ ЖОБО

Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын 2021-2022-окуу жылы үчүн Базистик окуу пландарын бекитүү ждөнүндөгү буйругуна берилген Базистик окуу планын түшүндүрмө катында мектептик компонент
5- орус жана кыргыз класстары үчүн жана
8- кыргыз класстары үчүн жумасына 1 саат предметтик сабактарга мектеп компоненти берилет:

1.1.Окуу пландын мектеп компоненти жалпы билим берүү уюмдарынын өзгөчөлүктөрүн (багыттарын) чагылдырат ;
1.2.Окуучулардын, алардын ата-энелеринин макулдашылган кызыкчылыктарын,муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн туюнтат.
1.3. Мектептик компонент жалпы билим берүү уюмдары тарабынан өз алдынча иштелип чыгат ;
1.4.Окуучулар менен алардын ата-энелеринин макулдугу менен ишке ашырылат ;
1.5.Базистик окуу планын мектептик компоненти конкреттүү жана жалпы билим берүүчү уюм аркылуу билим берүү жаатындагы өзгөчө керектөөлөрдү жана кызыкчылыктарды камсыз кылат;
1.6.Окуучулардын , ата-энелердин мамлекеттик компонеттеги предметтерди терендетип окууга болгон социалдык буйрутмасын ишке ашырат;
1.7. Окуучулардын адам ишмердүүлүгүнүн түрдүү чөйрөлөрүндөгү таанып-билүү кызыкчылыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн канааттандырат – деп берилген .

## 2.МЕКТЕП КОМПОНЕНТИН УЮШТУРУУ

Мектеп компонентине берилген саттар :
2.1. 5-класстардын класс жетекчилери ата-энелер чогулушун өткөрөт . Кайсы предметке компонент берүүнү, кайсы предметти терендетип окууну талкулашат, макулдашышат ;
2.2. 8-кыргыз класстарынын класс жетекчилери ата-энелер чогулушун өткөрүшөт
2.3.Кайсы предметке компонент берүүнү, кайсы предметти терендетип окууну талкулашат, макулдашышат;
2.4.5 жана 8 –класстардын сабактын жүргүртмөсүн түзүүдө ОТИ боюнча завуч сабактын жүгуртмөсүнө компоненттик сабакты коет.
2.5.Мугалимдердин тарификациясын жүргүзүүдө ОТИ боюнча завуч мектеп компоненти берилген мугалимдин саат жүктөмүнө 1 сааттык компонент саатты кошуп тарификациялайт .